**УДК 81'373.215(575.2)**

**Анарбай кызы Улжан**
ОИӨК "Кыргызстан эл аралык университети"
кыргыз-орус тилдери кафедрасынын окутуучусу

**Анарбай кызы Улжан**
УНПК "Международный университет Кыргызстана"
Преподаватель кафедры
кыргызско-русского языков

**Anarbay kyzy Uuljan**
Teacher of the Kyrgyz and Russian
Languages departament,
ERPC "International University of Kyrgyzstan"
uuljananara@gmail.com

# ТАЛАС ГИДРОНИМИЯСЫНЫН ТАРЫХЫЙ СТРАТИГРАФИЯСЫ ЖАНА СЕМАНТИКАЛЫК ЭВОЛЮЦИЯСЫ

# ИСТОРИЧЕСКАЯ СТРАТИГРАФИЯ И СЕМАНТИЧЕСКАЯ ЭВОЛЮЦИЯ ТАЛАССКОЙ ГИДРОНИМИКИ

# HISTORICAL AND SEMANTIC DEVELOPMENT BASIC ELEMENTS OF TALAS REGION WATER NAMES

***Аннотациясы:*** *Аталган макалада Талас гидронимикасынын негизги элементардык негиздери тарыхый-лингвистикалык багытта талдоого алынды. Кыргыз элинин тарыхын чагылдырган тилдик бирдиктердин тарыхый жактан өнүгүүсү окмуштуулар тарабынан изилденүү менен бирдикте алардын тарыхый-лингвистикалык мааниси ачыкталат. Анткени башка этникалык топтор менен болгон алакада биринчи кезекте гидронимдердин тыбыштык составы өзгөрүүгө учурап бир учурда эне тилибиздин тарыхый мыйзамдарын сактап келет.*

***Негизги сөздөр:*** *гидроним, гидронимика, ареал, этноним, маданий-лингвистикалык аспект, психолингвистикалык, дүйнөтааным, семантика.*

***Аннотация:*** *В статье комплексно анализируются основы водных названий Таласского региона и исторические условия их развития. Разумеется, на протяжении веков водные названия, как элементарные единицы языка подвергаются изменениям в фонетическом плане. Как нам известно, в первую очередь при непосредственном контакте кыргызских племен с этническими группами в одном ареале все водные названия подвергаются изменениям в звуковом плане.*

***Ключевые слова:*** *гидроним, гидронимика, ареал, этноним, лингвистический элемент, психолингвистический, миропонимание, семантика.*

***Abstract:*** *This paper including the reaches the elements of Kyrgyz water names of Talas region Kyrgyzstan. Provides an overview of evolution hydronyms Kyrgyz origin and us the basic elements can change with time. First, all us result relationship Kyrgyz general nomadic tribes and words undergo continuous sound change (phono-semantic changed), which often involves some kind of shortening.*

***Key words:*** *hydronym, hydronymica etymon, area, concept, ethnic culture, linguistically culture aspect, psycholinguistics, perception of the world, stored in the memory, semantic nuclear.*

Тарыхтын жардамы менен улутубуздун кайдан жана кантип жаралганын, турукташканын билип келебиз. Буга таш эстеликтериндеги, оозеки чыгармаларыбыздагы, тарыхый документтерде сакталып калган лексикондорубуз жардам берет. Ошол лексикондорубуздун ичинен расмий документтерде же оозеки түрдө сакталып калган негизги тил каражаттарыбыздын бири жер-суу аттары. Бул изилдөө предмети кыргыз тил илиминде жаңы гана илимий тармак катары карала баштады.

К.Коңкобаевдин 1980-жылы "Илим" басмасынан жарык көргөн "Түштүк Кыргызстандын топонимиясы" деген эмгеги кыргыз топонимиясы жаатындагы маселелердин изилденишин жаңы сапаттык баскычка көтөрдү десек болот. Аталган эмгекте жалпы эле Түштүк Кыргызстандагы жер-суу аттарын талдоого алуу менен, автор Талас аймагындагы географиялык аттарга да кайрылып, алардын айрымдарына этимологиялык жана структуралык өңүттөрдөн илик жүргүзгөн. Бирок сөз болуп жаткан эмгекте Талас аймагындагы жер-суу аттары толук изилденбегендигин белгилөөгө болот. Анткени Таластагы айрым жер-суу объектилери атайын илимий изилдөөнүн объектисине айлана элек. Аларды изилдөө маселеси тил илими үчүн да, география илими үчүн да, ошондой эле край таануу үчүн да зор мааниге ээ болмок. Башка аймактар менен эле катар Талас аймагы да географиялык, тилдик жактан да өзгөчөлүктөргө ээ. Бул өзгөчөлүктөр сөзсүз жер-суу аттарында да чагылдырылган. Мындай өзгөчөлүктөрдүн жаралып өнүгүүгө багыт алуусун иликтөө үчүн кыргыз элинин эл катары калыптануу эволюциясына, андагы маанилүү тарыхый фактыларга кайрылууга туура келет. Маселен, Кыргыз элинин калыптанышындагы жана тилинин өнүгүшүндөгү негизги тарыхый окуялар катары көпчүлүк окумуштуулар тарабынан төмөндөгү окуялардын хронологиясы белгиленип жүрөт:

1.6-кылымдын орто ченинде Алтайдагы түрк урууларынын саясий биримдигинен Түрк каганатынын түзүлүшү жана бир канча урууларды багынтып алышы.

2.6-кылымдын аяк ченинде Эне-Сайлык кыргыздардын мамлекетинин түзүлүшү жана анын уйгурлар тарабынан кыйратылышы.

3.7 -кылымда түрк урууларынын Фергана өрөөнүндө отурукташа башташы.

4.10-12-кылымдын орто ченинде Караханиддердин мамлекетинин пайда болушу.

5.12-13-кылымдарда кыргыздардын территориясына Каракидандардын кирип келиши, алар тарабынан Орто-Азиядагы ири мамлекеттин түзүлүшү.

6. Монголдук басып алуу (1219-ж).

7.15-кылымда Могулистан мамлекетинин пайда болушу.

8.14-15-кылымда Ойрот-калмактар менен болгон согушу.

9.17-18-кылымдардагы жунгардык жортуул.

Окумуштуулардын пикиринде, Кен-Кол шаарчасы биздин заманга чейин III–VI–VIII кылымдарда Кыргызстандын аймагында "Сак" маданияты доор сүрүп турган мезгилге таандык. Таласта археологдор 10дон ашык көрүстөндөн 300 дөн ашык мүрзөлөрдү ачышкан. Сактарга таандык мүрзөлөрдөн атактуу адамдарга кенен сагана кылып казылып, өзү менен кошо атын, итин, кушун, кулун, аялдарын коюшкан салты болгон.

Таластан табылган буюмдар борбордук Тянь-Шандагы, Жети-Суудагы көчмөндөргө таандык экендиги айтылат. Бул көрүстөндөргө кийин келген монгол, калмактар да кошо коюлуп кеткен дешет. Анткени VIII кылымдарда Таласка Батыштан Орто-Азияга көчмөн хиндилер келсе, ошол учурда бул жерде хюсюндардын жашагандыктары илимий адабияттарда айтылат.

Талас гидронимиясынын калыптануусун тарыхый жактан үч этапка бөлүп кароого болот:

1) Талас аймагынын географиялык орду жана чыгыштан Тан империясы жана батыш цивилизациясы менен болгон байланыштын жандануусу;

2) Жибек Жолунун негизги багыттарынын тарыхый жактан аныкталышы жана лингвистикалык байланыштын пайда болуусу;

3) Талас аймагында тилдердин карым катнашы үчүн тарыхый географиялык ареалдын түзүлүшү.

Кыргыз элинин бир тараптан Тан империясы менен, экинчи тараптан иран тилинде сүйлөгөн элдер менен болгон байланышы тарыхтын алгачкы мезгилдеринде эле башталган. Анткени Тан империясы менен болгон болгон дипломатиялык байланыштарды тастыктаган Кытай падышасынын кыргыздарга жазган каты кеңири белгилүү.

Кыргыздын чыгаан окумуштуу уулу Б.М.Юнусалиев алгач ирет фоносемантикалык багытты аныктоо менен кыргыздардын тили жана гидронимиясы биздин доордун алгачкы кылымдарынан тартып көптөгөн башка түрк тилинде сүйлөгөн элдердин тилдеринде жолукпаган, же болбосо эчак жок болуп кеткен тилдик формаларды, форманттарды сактап келгендигин илимий жактан ишенимдүү тастыктайт. Алсак, окмуштуу: “Байыркы кыргыз тилинин жазма үлгүлөрү катарында Енисейлик эстеликтерди көрсөтүүгө болот. Азыркы кыргыз тили менен Енисей боюндагы ташка жазылып калган жазуулардын ортосунда бир жарым миң жылга жакын убакыт өткөн. Мынчалык узак мезгилдин өткөндүгүнө карабастан, енисейлик доордогу кыргыз тили менен азыркы кыргыз тилинин ортосунда окшоштук аз эмес. Мисалы, эстеликте учураган уңгу этиштердин, ат атоочтордун, зат атоочтордун, сын атоочтордун, сан атоочтордун ж. б. уңгу сөздөрдүн баары тең дээрлик азыркы кыргыз тилинде сакталуу менен катар күндөлүк речтин активдүү сөздүгүн түзүп, сөз жасоонун өнүмдүү элементтеринен болуп саналат. Фонемалык система да, эгерде үнсүздөр жана жөнөкөй үндүүлөр системасын ала турган болсок, негизинен ушул күнгө өзгөрүшсүз сакталып келаткандыгын көрөбүз” деген пикирди айтат. [10, 246]

А.Н.Бернштам Таластагы ар тараптуу жүргүзүлгөн казууларда табылган археологиялык эстеликтердин (Кенкол шаарчасы) кыргыз элинин тарыхында кайталангыс орду бар экендигин аныктоо менен биргеликте эле түрк урууларынын социалдык орду Талас чөлкөмүндө өзгөчө болгондугун көрсөтөт. Окумуштуу карапанын сыныктарына жазылган тексттин, таякчага түшүрүлгөн жазуулардын түрк тилинде экендигинен шек санабайт жана ал текстти согдулардын ариптик системасында аткарылган деп эсептейт. Бул жобону өз изилдөөлөрүндө Н.Жапаров жана К.Конкобаевдер негизги далил катарында таянышкан. Алсак, А.Н.Бернштам өз пикирин мындайча билдирет:“... существует тюркское и согдийское население. Их совместное здесь обитание еще для конца IX в. отметил Махмуд Кашгарский, который указывал, что тюрки ассимилируют согдийцев. Прекрасной иллюстрацией такого синтеза являются находки (Красная речка) хумов с надписями, написанными согдийской вязью с явными тюркскими словами» (21). Окумуштуу лингвистикалык синтез жөнүндө айтып жаткандыгын түшүнүү көп кыйынчылыкка турбайт. Ошондой эле Н.Жапаров өз изилдөөлөрүндө А.Н.Бернштам айтып жаткан түрктөр кыргыз уруулары болушкан деген пикирин айтат.

Тектеш тилдерден жана алар аркылуу башка тилдерден кирген терминдер кыргыз элинин көз карандысыз эркин мамлекетинин түзүлүшү, улуттук өз алдынчалыгынын өөрчүшү түрк тилдүү элдер менен тике катнаш, байланыш жасоосуна толук шарт түздү. Ошонун негизинде кыргыз тилине кийинки эле жылдары тектеш тилдерден жана алар аркылуу башка тилдерден (көбүнчө иран, араб тилдеринен) бир кыйла жаңы сөздөр келип кирди. Коңшу түрк элдери аркылуу кыргыз тилине кирген араб, тажик, иран сөздөрүнүн тыбыштык жагы кыргыз тилинин айтылышына баш ийдирилген же жакындаштырылган. [8, 160] Демек, 15-18-кылымдарда айтылган аталыштар менен 19-21 кылымда айтылган аталыштар фонетикалык жактан өзгөрүүгө учурашы толук мүмкүн. Аталыштардын маанисин түшүнүү үчүн ошол кылымдарда жашап турган элдин тарыхый материалдарына кароо зарылдыгы туулат. Ошондуктан коңшу мамлекеттердин, түрк тилдүү мамлекеттердин илимий көз караштарына да карап өтөбүз. Ошонун негизинде, фонетикалык, морфемалык, семантикалык өзгөрүүлөр болгонун байкап келебиз.

Талас гидронимиясындагы тарыхый фонетикалык өзгөчөлүктөр аталган чөлкөмдө жолугуучу байыркы катмардын фоносемантикалык айырмачылыктары бир канча векторго бөлүнүп каралат:

- айырмачылыктардын ареалдык мүнөзү;
- типологиялык негиздеги фонетикалык өзгөрүүлөр;
- фонемалардын позициялык семантикасы.

Талас чөлкөмү, ареалдык, топографиялык өңүттөн алганда, көп кылымдар бою башка тилде сүйлөгөн элдер жана мамлекеттер менен чек аралаш жайланышып, көптөгөн тарыхый маанилүү окуялардын күбөсү болгон.

Мисалы, казак изилдөөчүсү М.Тобугов казак элинин жер-суу аттарын карап жатып "арашан", "нарын" деген сөздөрдүн келип чыгыш системасын берет. Анын илимий көз карашында "арашан" деген сөз түрк-монгол тилинен келип чыккан. [9, 137-143] Ал сөз убагында "дарылоо" дегенди түшүндүрсө, азыркы учурда "дары суу" деген мааниде кабыл алынат. Изилдөөчү "Нарын" сөзүнүн көптөгөн вариантын келтирет: көпчүлүк, тоо, күн, күндүү, ичке, жумшак, тыкан, катуу. Ал эми кээ бир адабияттарда бул сөз "эт" деген түшүнүктү берип жүрөт.

Тил да ар кандай коомдук-экономикалык формацияда ар кандай өнүгүүгө туш болоору анык. Тилдеги өнүгүүнүн көп жагдайынын бири – башка элдердин тилдеринин карым-катышы аркылуу өнүгүүсү. [8, 163] Башка эл менен карым-катнашта болгондо гана эл өнүгүп, өзгөрүп, өз ордун табат. Ошонун натыйжасында өз жерине ээ болуп, өз атын берет. Жер-суу ат берүүдө карым-катнаштан улам пайда болгон көз караштарга, идеяларга жараша, ошол элдин маданий, салттык өзгөчөлүктөрүнө жараша ат берилет. Биз кыргыздар, түрк элдери менен карым-катнашыбыз болуп келген, демек, биздин жер-суу аттарыбыз түрк тилдерине гана тийиштүү болот жана жакын болот. Ал эми славян, перс тилдеринен кирген тил каражаттарыбыз албетте аз болот.

Мындай тарыхый-географиялык жагдай Талас чөлкөмү өз учурунда кыргыз урууларынын тарыхый жактан өнөктөш болгон элдер менен маданий, экономикалык жана тилдик жактан стабилдүү алакада болушуна объективдүү шарт жараткан. Бирок аталган аймактын негизги гидронимиялык чордонун кыргыз тилине тиешелүү болгон гидронимдер түзө тургандыгын унутпашыбыз керек. Албетте, Талас гидронимиясы жалпы кыргыз гидронимиясынын ажырагыс бөлүгү болуп саналгандыктан, жалпы Кыргызстандын гидронимиясы менен эриш-аркак өнүккөн десек жаңылышпайбыз. Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, Талас аймагынын гидронимиясындагы байыркы катмар түрк катмары катары каралат. Ошондой эле Талас гидронимиясындагы эски түрк катмары көп кылымдар бою өнүгүү процессинде фонетикалык жактан гана өзгөрүүгө учурабастан, структуралык жактан да таанылгыс болуп өзгөргөндүгү байкалат. Албетте, гидронимдерди структуралык жактан комплекстүү изилдөө учурунда алардын тыбыштык жактан кылдат талдоого алуу зарылчылыгы туулат. Анткени фонетикалык жактан өзгөрүүгө учураган гидронимдер, биринчи кезекте, семантикалык жактан таанылгыс абалга келишет. Мындай тарыхый жана семантикалык өзгөрүүлөр гидронимдердин башка мааниге (переосмысление) өтүүсүнө себеп болгондугу туурасында жыйынтык чыгарууга болот.

Кыргызстандын жалпы гиронимиясындагы негизги катмарлардан болуп саналган байыркы түрк тилдик катмары Талас гиронимиясындагы алгачкы катмарлардан жана байыркы гиронимдердин тыбыштык формасынын сакталышына өбөлгө болгон.

Талас гидронимиясынын Сибирдеги түрк тилинде сүйлөгөн элдердин жана Алтайдын гидронимиясы менен тыгыз байланышта экендигине алгачкылардан болуп кайрылган Э.М.Мурзаев конкреттүү гидронимдердин мисалында кыргыз гидронимиясынын чектери өтө кенен экендигин көрсөтө алган [7, 72-87]. Окумуштуунун пикиринде, көптөгөн гидронимдер кыргыз уруулары мурда жашаган жерлердин аталыштарынан көчкөн. Жалпы эле Кыргызстандын түндүк аймагынын гидронимиясын жана анын составына кирген байыркы түрк тилине тиешелүү гидронимдер Д.Исаев тарабынан терең талдоого алынган [5, 159]. Ошондой эле окумуштуу тарабынан Талас гидронимиясына тиешелүү байыркы тилдик абалды чагылдырган жер-суу аттары каралган. Ири суу объектилеринин аталыштары, анын ичинде **Сарколот, Айрансуу, Абышка, Башкы-Саз** гидронимдери тарыхый-лингвистикалык жактан бир кыйла терең талданып, морфемалык жактан компоненттерге ажыратылган. Ошондой эле изилдөөчү Талас гидронимиясына тиешелүү болгон байыркы түрк гидронимдеринин фонетикалык курамын, ички формасын ачып берүүдө элдик этимологиянын фактыларын кошумча каражат катарында пайдаланган.

**Адабияттар:**


1. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Бишкек,1997, I т. 503 стр.
2. Джапаров Н.Р. Гидронимия Кыргызстана. Канд. диссертация на соискание ученой степеникандидата филол. наук. Бишкек, 2006
3. Дульзон А.П. Древние гидронимы Южной Сибири Индоевропейского происхождения //Гидронимика Востока (новые исследования). М.1964. 228с. (14-17).
4. Дыйканова Ч. Кыргыз тилиндеги бир муундуу сөздөрдун структуралык типтери// Тюрколо-гические исследования. Фрунзе 1983.150 с. (109-114).
5. Исаев Д. Жер-суу аттарынын сыры. Фрунзе 1977 г.159 б.
6. Koskобаев К. Гидронимия Южной Киргизии. Фрунзе, 1980. 309 б.
7. Мурзаев Э.М. Апелятивы в топонимах средней Азии//Ономастика Средней Азии. Фрунзе,1980. 309 б.
8. Орунбаева С.А., Тумонбаева М.Ж. Развитие кыргызской терминологии с момента обретениянезависимости // Вестник МУК. № 2 (39). 2019 г. 152-163 стр.
9. Тобугов М.Т. Формирование топономических названий XV-XVII веков // Весmник МУК.
№ 2 (35). 2018.
10. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология. Часть 1. Фрунзе 1959. 246 с.